**Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана саясий ишмери Т.Усубалиевдин 100 жылдыгын Нарын облусунда белгилөө боюнча түзүлгөн иш-чаранын**
**ПРОГРАММАСЫ**

**БИРИНЧИ БӨЛҮК**

**Өтө турган орду:** Саат 09.00-11.00 «Тарыхты өзгөрткөн тарыхый инсан» аттуу республикалык илимий-практикалык конференциянын пленардык жыйыны М.Рыскулов атындагы облустук академиялык драма театрында өтүлөт.

**ЭКИНЧИ БӨЛҮК**

**Өтө турган орду: Саат 11.30-14.00** Эстеликти ачуу, арлык көргөзмөлөр, театрлаштырылган иш-чара, чоң программадагы концерт Нарын шаарындагы Т.Усубалиев атындагы аянтында өткөрүлөт.

| Убактысы | Иш-чаранын аталышы |
|---|---|
| 08.30-09.00 | Нарын облустук театрында конференцияга чакырылган меймандарды каттоо |
| 09.00-11.00 | **«Тарыхты өзгөрткөн тарыхий инсан»** аттуу республикалык илимий-практикалык конференциянын пленардык отуруму |
| 11.30-12.00 | Нарын шаарынын Т.Усубалиев атындагы борбордук аянтын, Т.Усубалиевдин айкелин ачуу |
| 12.00-12.30 | Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана саясий ишмери Т.Усубалиевдин 100 жылдыгына арналган иш-чаранын салтанаттуу бөлүгү |
| 12.30-13.00 | Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана саясий ишмери Т.Усубалиевдин 100 жылдыгына арналган театрлаштырылган постановка |
| 13.00-14.00 | Т.Усубалиевдин 100 жылдыгына арналган чоң программадагы концерт. |
| 13.30-14.00 | Борбордук аянтта уюштурулган көргөзмөлөрдү көрүү |
| 14.00-16.00 | Сый тамак |

## Чакыруу

Урматтуу Макен Касиева!

Сизди КРнын Баатыры, мамлекеттик жана коомдук ишмер Турдакун Усубалиевич Усубалиевдин 100 жылдыгынын урматына өткөрүлүүчү салтанаттуу иш-чарага чакырабыз.

Иш - чара 2019-жылдын 4 — ноябрында өткөрүлөт.



# «...Элим деп өмүр кечирүү - зор бакыт»

*Нарын*

*2019-жыл*

# “Жакшы чыккан азамат элин билет, эчен түрлүү адамдын тилин билет” (Калыгул)

Дээринде күчтүү болгон атуулдугу, Дээринен оюлбаган акыл дыңы. Калк камын бийик көргөн керт башынан, Канында Калыгулдун асылдыгы.

Улутка улук аталып, чейрек кылым эл башкарып, өлкөнүн калыптануусуна, өнүгүүсүнө бүткүл өмүрүн арнаган КРнын Баатыры, мамлекеттик жана коомдук ишмер Турдакун Усубалиевич Усубалиев 1919-жылдын 6-ноябрында Нарын облусунун Кочкор районунун Теңдик айылында туулган. Турдакун Усубалиев кыргыздын улуу философу Калыгулдун чөбүрөсү. Өз тукумдары жөнүндө Калыгул олуя: “Экөө жанаша чыкпайт, бирөө үзүлбөйт” - деп айткан экен. Ошол бирөө Турдакун Усубалиев.

Улуу державанын саясий штабында эмгектенген алгачкы кыргыз уулу.

Турдакун Усубалиев 19 жашынан алгачкы эмгек жолун катардагы мугалимдиктен баштаган. 26 жаш курагында КПСС БКнын инструктору болуп 10 жыл кызмат кылган Т. Усубалиев, улуу державанын саясий штабында эмгектенген алгачкы кыргыз уулу болгон. «Мына ушул мезгил гана мен өзүмдүн убактымды баалоого, өзүмдүн эмгекчил болушума, өзүмө талапты катуу коюшума, өзүмдүн теориялык жана практикалык алган билимдеримди дайыма толуктап турууга үйрөттү» - деп жазат Турдакун Усубалиевич. Дүйнөдөгү эң таасирдүү, кадыр - барктуу партиянын тарбиясына такшалган Т. Усубалиев, 42 жаш курагында Кыргыз ССР КП БКнин биринчи катчысы болуп 25жыл Кыргызстанды жетектеп, өлкөбүздүн тарыхына жаркын из калтырган кылымга тете өрнөктүү өмүр өтөгөн. Эгемендүүлүк жылдарда КРнын «легендарлуу парламентинин», Эл өкүлдөр жыйынынын, Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты болуп шайланган.

Кыргызстандын гүлдөө доорунун автору- Турдакун Усубалиев

Турдакун Усубалиевдин доору 1961 -1985 -жылдар кыргыз эли үчүн туташ электрлештирүүнүн, туташ билим алуунун, кыргыз интеллигенциясынын жаңы муунунун өсүп чыгыш доору, өнөр жайы, айыл чарбасынын, маданиятыбыздын дүркүрөп өнүгүп, гүлдөгөн жыргалчылыктын доору болду десек жаңылышпасбыз. Ал эми Бишкекти өстүрүп, жашыл шаарга айландырып, көрктөндүрүүдөгү өзгөчө зор жана баа жеткис эмгеги тууралуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун: «Турдакун Усубалиев борборубуздун чыныгы башкы архитектору» - деп айтканы эле тастыктап турат. Ал учурда салынган асман мелжиген үйлөр, кинотеатрлар, ири завод - фабрикалар, соода комплекстери, окуу жайлары, Бишкек шаарынын ажарын ачкан Ала -Тоо аянты, Өкмөт үйү, Тарых музейи, «Манас» аэропорту, Чүй проспектисинин өйүз - бүйүзүндөгү мрамор менен салынган имараттардын көрүнүшү кимдерди болбосун суктандырган.

Элдин камын көргөн эл башы

Талыкпаган эмгек, өжөрлүк, Мекенге берилгендик, намыскөйлүк менен Соң-Көл, Ысык - Көлдү сактап калуу, Ысык - Көлдө апийим өндүрүүнү алып таштоо, республикада уран өндүрүүнү токтотуу, атомдук электростанциясын курууга уруксаат бербөө, Чүй өрөөнүндө азот заводун курууга тыюу салуу сыяктуу өтө эле оор. элибизге зыян келтирүүчү маселелерди Т.Усубалиев даанышман, алдын - ала көрө билгендиги, Мекенин, элин чын жүрөгү менен сүйгөндүгү үчүн чечип келген. 70 жыл бою мамлекеттик жана партиялык кызматтарда иштеп, чейрек кылым өлкөнү нарктуу жана акылман башкаруу, акыйкатта чыныгы адамдык эрдик болуп саналат.

Турдакун Усубалиев өз автопортретин толук жазып койгон инсан

Усубалиевич мыкты жетекчи гана болбостон, мыкты калемгер катары дагы калың элге маалым. Москвадан, Фрунзеден-Бишкектен чыккан көп томдук эмгектери менен кыргыздын тарыхый илимине зор салым кошкондугу үчүн Кыргыз улуттук академиясынын Ардактуу академиги болгон. Кыргыз эл жазуучусу Асанбек Стамов: «Турдакун Усубалиев өз автопортретин толук жазып койгон инсан.Аксакалдын жети томдон турган эмгеги өткөн кылымдын орто ченинен тартып, аягына чейинки болгон КРнын турмушу жөнүндөгү энциклопедия...» деп жазган

Өлүм жеңе албаган өлбөстүккө таазим

Өмүр бою Кыргызстан деген үйдү курган Турдакун Усубалиев кыргыз элинин тарыхында алтын тамгалар менен жазылып, А.Сыдыков. Ж.Абрахманов, Б.Исакеев, И.Раззаков өңдүү тарыхый инсандардын катарына кошулуп олтурат. Анын эмгеги төрт жолу Ленин, Октябрь революциясы, эки эмгек Кызыл Туу, Элдердин достугу, I - даражадагы Манас ордендери, 80 жылдык маарекесинде “Ак шумкар” өзгөчө белгиси, Кыргыз Республикасынын Баатыры даражасы менен белгиленген. Ала-Тоонун ардактуу аксакалы Т.Усубалиев 2015-жылы 6-сентябрда 95 жаш курагында дүйнөдөн кайткан. Турдакун Усубалиевдин басып өткөн жолу улуу жол, мамлекеттин тарыхы, бизден кийинки муундарга жеке мамлекеттик сабак. Ооба, мезгил өтөт, элге арнаган эмгеги унутулбайт. Кыргыз эли канча кылым жашаса жаркын элеси ошончо өмүр сүрөт. Өлүм жеңе албаган өлбөстүк деген ушул эмеспи.